**Математика**
**PISAга багытталган тест**
**8 - класс**

**1-тапшырма.**

Оң жактагы текстти окуп чыгып, тапшырманы аткаргыла.

**Валюта алмаштыруу**

Самара Бишкектен АКШга стажировкага барууга даярданып жатат. Ал кыргыз сомун америкалык долларга ($) алмаштыруу керек.




Самара америка долларын сатып алуудагы анын кыргыз сомуна болгон курсу :

1$ - 83,95 сом экенин билди.

Бул сапары үчүн ага 1250 АКШ долларын сатып алышы керек. Самара канча кыргыз сомун ушундай курс менен алмаштырууга даярдашы керек?

*Тапшырманын жообун атайын белгиленген жерге жазгыла.*

**Жообу:**

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: колдонуу
- Контексти: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: төмөнкү
- Жооптун форматы: кыска жооп берүү
- Баалоо объектиси: пропорция, пропорционалдык катыш
- Максималдуу балл - 1
- Текшерүү ыкмасы компьютердик (эксперт тарабынан).

**Баалоо системасы**

| Упай/Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Жообу: 104937,5 сом, же 104938 сом,<br>же 104940 сомду түздү |
| 0 | Башка жооптор. |
| 9 | Жообу жок |

**2- тапшырма.**

Оң жактагы текстти окуп чыгып, тапшырманы аткаргыла.

Самара валюталарды алмаштыруунун сатуудагы кыргыз сомуна болгон курсу төмөнкүдөй экенин билди:

1 АКШ доллары = 83,5 сом
1 орус рубли = 1,42 сом
1 түрк лирасы = 4,54 сом

Самара валюталардын кайсынысынан кыргыз сомуна алмаштырууда көбүрөөк сом алат?

***Бир туура жоопту тандагыла.***

А) Америка доллары
Б) Орус рубли
В) Түрк лирасы
Г) Салыштырууга болбойт

**Валюта алмаштыруу**

Самарада чет элдик стажировкадан келгенден кийин 140 АКШ доллары, 10400 орус рубли, 3100 түрк лирасы калган.










**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: сан
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: колдонуу
- Контексти: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: орточо
- Жооптун форматы: бир туура жоопту тандоо
- Баалоо объектиси: чыныгы сандар менен эсептөөлөрдү жүргүзүү
- Максималдуу балл - 1
- Текшерүү ыкмасы - компьютердик

**Баалоо системасы**

| Упай/Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Жообу: Б) |
| 0 | Башка жооптор. |
| 9 | Жообу жок |

**3-тапшырма.**

Оң жактагы текстти окуп чыгып, диаграмманын жардамы менен бир нече туура жообу бар тапшырманы аткаргыла.

***Бир нече туура жоопторду тандагыла.***

А) 2017-жылы рублдин курсунун өзгөрүүсү 2015-жылга караганда көбүрөөк болгон.
Б) 2015-жылы рублдин курсу эң жогору болгон.
В) 2013-жылы рублдин курсу 6 жыл ичинде эң жогорку көрсөткүчкө жетти.
Г) 2014-жылдын экинчи жарымында рублдин курсу кескин төмөндөй баштады.
Д) 2016-жылдан 2018-жылга чейин рублдин курсу акырындык менен көтөрүлө баштаган.

**Валюта алмаштыруу**

Улуттук банк 2013-жылдан 2019-жылдын башына карата орус рублинин кыргыз сомго карата курсунун өзгөрүүсүнүн төмөнкү диаграммасын берген.




**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: өзгөрүүлөр жана көз карандылыктар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: чечмелөө
- Контексти: коомдук
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: төмөнкү
- Жооптун форматы: бир нече туура жоопту тандоо
- Баалоонун объектиси: көз карандылыктын графигин окуу
- Максималдуу балл - 2
- Текшерүү ыкмасы - компьютердик

**Баалоо системасы**

| Упай/Код | Критерийдин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Жообу: В), Г), Д). |
| 1 | Каалагандай эки туура билдирүү тандалды, бир туура билдирүү тандалбай калган. |
| 0 | Жооптордун башка варианты берилет. |
| 9 | Жообу жок |